**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КООМДУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫ**

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

2015

## МАЗМУНУ

1. ЖЕТЕКЧИЛИК ЖАНА КОРПОРАЦИЯНЫН КАРЖЫЛАНЫШЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР ........ 2

Башкаруу формасы жөнүндө ........ 2

Байкоочу кеңештин курамы ........ 3

КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациянын жетекчилиги........ 6

Корпорациянын каржыланышы ........ 7

2. ӨТКӨН ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕГИ КОРПОРАЦИЯ ТАРАБЫНАН ЖҮЗӨГӨ АШЫРЫЛГАН ИШМЕРДИКТИ СҮРӨТТӨӨ ........ 8

Уюштуруучулук жана административдик-чарбалык иш тууралуу маалымат........ 8

Адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча ишмердик тууралуу маалымат ........ 11

3. ПРОГРАММАЛАР СЕТКАСЫ АНДАГЫ ПЛАНДАШТЫРЫЛЫП ЖАТКАН ӨЗГӨРҮҮЛӨР ... 16

2015-жылдагы Коомдук биринчи каналдын берүлөр сеткасындагы жаңы телеберүүлөр:........ 17

Корпорация тарабынан алып көрсөтүлгөн, көз карандысыз өндүрүүчүлөр тарабынан өндүрүлгөн, өндүрүүчүлөрдүн же компаниялардын аттарын (аталыштарын) кошо алуу менен берилген программалардын тизмеси. ........ 20

4. КТРКНЫН 2015-ЖЫЛ ҮЧҮН КИРЕШЕЛЕР ЖАНА ЧЫГАШАЛАРЫ БОЮНЧА ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАРЫ МЕНЕН ФИНАНСЫЛЫК-ЧАРБАЛЫК ИШМЕРДИГИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ........ 21

5. АУДИТОРИЯ МЕНЕН КАЙТАРЫМ БАЙЛАНЫШТЫ КАЛЫПКА САЛУУ БОЮНЧА ИШТЕРДИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ........ 30

6. КОРПОРАЦИЯГА ТОЛУГУ МЕНЕН ЖЕ ЖАРЫМ-ЖАРТЫЛАЙ, ТИКЕ ТҮРДӨ ЖЕ ОРТОМЧУЛУК АРКЫЛУУ ТИЕШЕЛҮҮ БОЛГОН КААЛАГАНДАЙ КОМПАНИЯ ЖЕ ИШКАНА ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР........ 32

7. 2015-ЖЫЛДА ИШКЕ АШПАЙ КАЛГАН МАКСАТТАР ........ 33

8. КОРПОРАЦИЯНЫН 2016-ЖЫЛГА АЛДЫН АЛА КАРАЛГАН ПЛАНДАРЫ ........ 34

# 1. ЖЕТЕКЧИЛИК ЖАНА КОРПОРАЦИЯНЫН КАРЖЫЛАНЫШЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР

*Башкаруу формасы жөнүндө*

2011-жылдын 18-ноябрында кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзам Корпорациянын коомдук телерадиоберүү уюму катары юридикалык статусун, Корпорациянын максаттарын жана милдеттерин, анын укуктарын жана милдеттерин, ошондой эле структурасын жана башкаруу органдарын аныктайт.

Аракеттеги «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзамга жана «КТРКнын Уставына» ылайык КР Коомдук телерадиоберүү Корпорациясынын башкаруу органына төмөнкүлөр кирет:

- башкаруунун жогорку органы болуп саналган Байкоочу кеңеш;
- аткаруучу орган болуп саналган Башкы директор.

Байкоочу кеңеш жалпы коомдун кызыкчылыктарын билдирет жана коомдук берүүлөрдүн принциптеринин сакталышынын башкы кепилдиги болуп саналат. «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзамда Байкоочу кеңешти калыптандыруунун принциптери так жазылып коюлган:

Байкоочу кеңеш парламенттен, президенттен жана жарандык коомдон бирдей сандарда алынган 15 адамдан турат. Ошондой болсо дагы, Байкоочу кеңештин бардык мүчөлөрү, ал ким тарабынан көрсөтүлгөндүгүнөн көз карандысыз, окуу жана илимий мекемелерден, коомдук жана башка коммерциялык эмес уюмдардан гана көрсөтүлгөн болууга тийиш.

*Байкоочу кеңештин курамы*

**АБДЫ САТАРОВ Төрага**

Журналист. КР УТРКнын башкы директорунун мурунку орун басары. Тележурналистикага 1973-жылы келген, ошондон тартып өлкөнүн бардык телекомпанияларында эмгектенген: УТРК, «Ош-3000», КООРТ, НТС, «Заман Кыргызстан» эл аралык гезитинде жана «Интерньюс-Кыргызстан» медиа-уюмунда. Азыркы учурда Кыргыз-түрк «Манас» университетинин Журналистика кафедрасынын окутуучусу, Коммуникация факультетинин деканынын орун басары. КТРКнын Байкоочу кеңешине КР Президенти тарабынан сунушталган.

**АНАТАЙ ӨМҮРКАНОВ**

Кыргыз Республикасынын Элдик акыны. «Советтик Кыргызстан», «Кыргызстан» жана «Адабият» гезиттеринин башкы редакцияларында эмгектенген. Өлкөнүн Жазуучулар союзунун төрагасы. КТРКнын Байкоочу кеңешине Президенттен сунушталган.

**ТАМАРА ЖАМАНБАЕВА**

1959-жылы медициналык училищени аяктаган, ал эми 1968-жылы – Кыргыз Улуттук университетинин Филология факультетинин журналистика бөлүмүн аяктаган. Тамара Жаманбаева – телерадиоберүүнүн тарыхындагы алгачкы алып баруучулардын бири. Кыргыз мамлекеттик телерадиокомитетинде эмгектенген, стажердон вице-президенттин кызматына чейин ээлеп турган. Акыркы кездерде «Замана» чыгармачыл-өндүрүштүк бирикменин продюсери болуп иштеген. КР Эл артисти, маданияттын эмгек сиңирген ишмери, СССРдин жана Кыргыз Республикасынын телеберүүсүнүн отличниги. Ошондой эле Чыгыш университетинин журналистика кафедрасынын профессору болуп саналат. КТРКнын Байкоочу кеңешине Жогорку Кеңештен сунушталган.

**ТЫНЧТЫКБЕК ЧОРОТЕГИН**

Тарыхчы, журналист, публицист. Тарых илимдеринин доктору, профессор. Бир нече окуу китептеринин жана илимий иштердин автору. Лондондогу «Би-Би-Си» радиосунун кыргыз кызматынын продюсеру болгон, андан кийин 11 жылга жакын «Азаттык» радиосунда директор катары кызмат өтөгөн. Азыркы учурда Тарых коомунун президенти. КТРКнын Байкоочу кеңешине Жогорку Кеңештен сунушталган.

**САБЫРБЕК МУКАМБЕТОВ**

Саясий эксперт. Экономист. 1990-жылдарда Кыргызстандын демократиялык кыймылынын (КДК) жооптуу катчысы, кийинчерээк президенттин алдындагы адам укуктары боюнча комиссиянын төрагасынын орун басары. Демократиялык куруучулар союзунун төрагасы, Бириктирилген элдик кыймылдын улуттук кеңешинин мүчөсү болгон. 2007-2009-жылдарда «Ачык саясат», «Алиби», «Учур», «Назар», «Айгай», «Аалам» гезиттеринде саясий баяндамачы болуп иштеген. Азыркы учурда «Азия Ньюс» гезитинин башкы редактору. КТРКнын Байкоочу кеңешине Жогорку Кеңештен сунушталган.

**ИГОРЬ ШЕСТАКОВ**

Медиа-тренер, саясатчы. Россия Гуманитардык университетинин юридикалык факультетин аяктаган. Журналисттик ишмердигин «Вечерний Бишкек» гезитинен баштаган. «Время» программасынын өздүк кабарчысы, «Интерфакс» маалыматык агенттигинин кыргызстандагы бюросунун шеф-

редактору, Борбордук Азия боюнча «Российская газета» басылмасынын өкүлчүлүгүнүн директору, «КирТАГ» маалыматтык агенттигинин башкы редактору болуп иштеген. Азыр «region.kg» аналитикалык сайтынын башкы редактору болуп саналат. КТРКнын Байкоочу кеңешине Президент тарабынан сунушталган.

## ЖЫЛДЫЗ БАКАШЕВА

Филология илимдеринин доктору, профессор. Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетин аяктаган, кийинчерээк илимий диссертациясын коргоп, окумуштуулук даражасын алган. КУУда окутуучу, кафедра башчысы жана декан болуп, Жогорку Кеңеште эксперт, КР Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясында проректор болуп эмгектенген. Азыркы кезде Улуттук китепкананын директору болуп эмгектенет. КТРКнын Байкоочу кеңешине Жогорку Кеңештен сунушталган.

## ЖЕНИШГҮЛ ӨЗҮБЕКОВА

КРнын эмгек сиңирген кызматкери, "Кыргыз жаштар" премиясынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын ардак грамотасы менен сыйланган. КР жазуучулар союзунун мүчөсү, театралдык ишмердик союзунун мүчөсү; кинематографисттер, театр жана телеберүү союзунун мүчөсү, коомдук ишмер. Азыркы учурда “Кыргызстандагы кол өнөрчүлүгүн колдоого карата Борбордук-Азия ассоциациясынын ресурстук борбору” коомдук фондунун алдындагы арт-менеджер болуп эмгектенет. Кыргыз улуттук университетинин филология факультетин аяктаган. КТРКнын Байкоочу кеңешине Жогорку Кеңештен сунушталган.

## ВЯЧЕСЛАВ ГОНЧАРОВ

«Доор медиа» фондунун директору, медиа-эксперт, окутуучу. БГУнун филология факультетин аяктаган. Журналистикада 1999-жылдан тартып, ВОССТ, «Мир» телекомпанияларында, андан кийин «Интерньюс Кыргызстан» эл аралык уюмунда эмгектенген, «Злое перо» берүүсүн алып барган, кийинчерээк репортаждык берүүлөрдүн продюсери болуп иштеген. Эл аралык уюмдардын долбоорлорунун алкактарында бир нече социалдык роликтердин жана даректүү фильмдердин автору. КТРКнын Байкоочу кеңешине жарандык коомдон сунушталган.

## ИРИНА АБДЫРАХМАНОВА

Журналист. Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетин аяктаган. Журналисттик ишмердигин 1993-жылы Республикалык радиотелеборборунун магниттик жазуу оператору болуп иштөө менен баштаган. Республикалык радионун маалымат редакциясынын кабарчысы, андан кийин баяндамачысы болуп; КТР - “Ала-Тоо” жана “Жетиген” берүүлөрүнүн комментатору жана алып баруучусу; КООРТ ЖТАКынын жаңылыктар кызматынын чыгаруучу редактору болуп иштеген. КТРКнын Байкоочу кеңешине Президенттен сунушталган.

## ФАРХАД БЕКМАНБЕТОВ

Юридикалык жана экономикалык билими бар. Улуттук илимдер академиясында философияны жана саясий-укук маселелерин изилдейт. «Айтыш» коомдук фондунун директору жана тең төрагасы, «Айтыш» киностудиясынын продюсери, Кыргызстан кинематографисттер союзунун мүчөсү. КТРКнын Байкоочу кеңешине жарандык коом тарабынан сунушталган.

**КТРКнын Байкоочу кеңешинин 2015-жылдагы жаңылануусу.**

## НАЗАРКУЛ ИШЕКЕЕВ

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин мамлекеттик тил боюнча проректору, педагогикалык илимдер доктору, профессор. Ч. Айтматов атындагы Эл аралык коомдук академиянын академиги, Ж.Баласагын атындагы сыйлыктардын лауреаттары, КР Эл агартуусунун отличниги, окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы боюнча окумуштуу-профессор. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча Улуттук окумуштуу кеңешинин башчысы, Кыргыз тили коомунун, Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы республикалык илимий-методикалык кеңештин кыргыз тили жана адабияты секциясынын башчысы, "Кыргыз тил жана адабияты" республикалык илимий журналынын башкы редактору. КТРКнын Байкоочу кеңешине КР Президентинен сунушталган.

## ДОСАЛИЕВА БУБУКАН АКМАТЖАНОВНА

Журналист. Саясий илимдердин кандидаты. TOPNEWS.KG маалыматтык-аналитикалык порталынын башкы редактору. Мамлекеттик кызматтын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Азыркы учурда КР УИАнын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун улук илимий кызматкери. Эл аралык Айматовдук Академиянын журналистика боюнча академиги (1994-ж.). Байкоочу кеңешке жарандык коомдон сунушталган.

## АБДЫГАНЫ ХАЛИЛОВ

Журналист. Кыргыз Улуттук университетинин журналистика факультетинин доценти. А.А.Жданов атындагы Ленинград мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүсү. “Журналистика” адистиги боюнча жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандартынын иштеп чыгуучуларынын бири болуп эсептелет.

## АЛХОЖОЕВ ТИМУР

Юрист. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридика факультетинин бүтүрүүчүсү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиянын аспиранты. Телекоммуникациялар жана массалык маалымдоо каражаттарынын ишмердиги тармагында адистешет. Байкоочу кеңешке жарандык коом тарабынан сунушталган.

*КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациянын жетекчилиги.*

**КАРЫПБЕКОВ ИЛИМ МАЙРАМБЕКОВИЧ**



КТРКнын Башкы директору. КТРКнын Байкоочу кеңеши тараптан 2015-жылдын 19-мартында сынак тандоосунун жардамы менен шайланган.

**АСЫЛБАШЕВ КАЛЫЙБЕК ШАРШЕНАЛИЕВИЧ**



КТРКнын телеберүү боюнча башкы директордун орун басары. Кызмат ордуна 2015-жылдын 7-майында КТРКнын башкы директорунун сунуштоосу боюнча КТРКнын Байкоочу кеңешинин чечими менен дайындалган.

**ИМАНАЛИЕВ КАЙРАТ ОЛЖОБАЕВИЧ**



КТРКнын радио уктуруулар боюнча Башкы директорунун орун басары.

*Корпорациянын каржыланышы*

КТРК 2015-жылдагы каржылануусу Корпорациянын ишмердигине – социалдык чөйрөнүн бюджеттик мекемеси катары мамлекеттик колдоо көрсөтүү үчүн 400,2 млн. сом суммасынданы республикалык бюджеттен бюджеттик ассигнациялоолордун эсебинен жүзөгө ашырылган.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинен КТРК каналдын керектөөлөрүнө болжол менен 70% каржылоону алат, 30% корпорация алардын түрлөрү «Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган өздүк каражаттарынын эсебинен жабат.

«Кыргыз Республикасынын 2015-жылга карата республикалык бюджети жана 2016-2017-жылдардагы божомолдоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык корпорациянын мамлекеттик бюджеттен каржылануусу калкты телерадиоберүү жана кино өндүрүү продукциясы менен камсыздоо боюнча утурумдук чыгашаларга багытталган.

Мамлекет тарабынан финансылык каражаттар төмөнкү чыгаша беренелерин жабууга карата биринчи кезекте каржылоо каражаттары бөлүнүшөт:

- трансляциялоо кызмат көрсөтүүлөрү 44%
- техникалык кызмат көрсөтүүлөр 24,4%
- чыгармачыл курамдын эмгек акысы 19,2%
- Соцфондго которуулар 3,3%
- иш сапарларынын чыгашалары 0,6%
- байланыш кызмат көрсөтүүлөрү 1,4%
- машиналар жана жабдуулар 4,3%
- контентти сунуштоо боюнча КТФ кызмат көрсөтүүлөрү 2,8%

КТРКны мамлекеттик бюджеттен каржылоонун көлөмү отчеттук жылы 2015-жылга карата бюджеттин долбоорунда каралгандан 40,9% деңгээлинде жүргүзүлгөн.

*КТРКнын финансылык-чарбалык ишмердигинин жыйынтыктары боюнча кеңири маалымат 2015-жыл үчүн кирешелер жана чыгашалар боюнча жалпы маалыматтары менен бирге ушул отчеттун 4-бөлүмүндө берилген.*

## 2. ӨТКӨН ЖЫЛДЫН ИЧИНДЕГИ КОРПОРАЦИЯ ТАРАБЫНАН ЖҮЗӨГӨ АШЫРЫЛГАН ИШМЕРДИКТИ СҮРӨТТӨӨ

Отчеттук мезгил ичинде КТРК, өнүгүүнүн кабыл алынган стратегиясын жетекчиликке алып, компанияны лидерлик позицияларын сактоо үчүн медиа рыногундагы сапат жагынан жаңы деңгээлге баскычтуу чыгарууну караштырган пландаштырылып коюлган иш-чараларды жүзөгө ашырууну уланткан.

*Уюштуруучулук жана административдик-чарбалык иш тууралуу маалымат*

Бир нече жылдар ичинде биринчи жолу Корпорацияда өздүк каражаттардын эсебинен алгачкы жолу Корпорациянын имараттарынын, ички иш бөлмөлөрүнүн жана эфир студияларынын тышкы көрүнүшүн жакшыртууга карата масштабдуу капиталдык салымдар жүргүзүлгөн.

**Имараттарды жана иш бөлмөлөрдү оңдоо**

- Мисал катары КТРКнын имаратынын административдик бөлүгүнүн 3-кабатындагы кеңсе бөлмөлөрүнүн 800 м$^2$ ашыгын «ачык кеңсе» (Open Office) форматында толук түрдө кайра түзүп чыгууну келтирүүгө болот. Бул бөлмөлөрдүн пландаштырылуусун, анын ичинде жогорку баскычтагы жетекчилердин бөлмөлөрүн дагы ачык (айнек) кабинеттер түрүндө ишке ашырууга мүмкүндүк түздү. Ушул ыкма менен ачык-айкындык жана ачыктык тарапка жасалган кадам, Корпорациянын коомдук телерадиокомпанияларынын менеджментинин эл аралык стандарттарына карата умтулуусун көрсөтүп турат, ошондой эле иш бөлмөлөрдүн жылуулугунун натыйжалуулугун камсыздоого жана кызматкерлер үчүн иштөөнүн ыңгайлуу шарттарын түзүүгө багытталган. Оңдотуулар Корпорациянын өздүк каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылган.

Отчеттук жылдын башында ошондой эле имараттын административдик бөлүгүнүн вестибюлу оңдолуп чыккан, фойенин аянты көбөйтүлгөн жана витраждар алмаштырылган. Жыйынтыгында имараттын башка кире беришине заманбап түр берилип, жарык берүү жана жарык кирүүчү жакшыртылган, чет элдик коноктору, келген адамдарды кабыл алуу жана кызматкерлердин өтүүсү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Ошол эле маалда вестибюль жылууланган, Корпорациянын кызматкерлери жана коноктор үчүн ыңгайлуу иштөө жана өз ара аракеттенүү шарттарын түзүү боюнча чаралар көрүлгөн.

2015-жылдын ичинде ремонттолуп чыккан объекттердин жалпы санынан, СТБнын социалдык пакетине кирген КТРКнын телеканалдарынын контентин өндүрүү үчүн мейкиндикти кеңейтүү зарылдыгы көз карашынан ишке ашырылган алардын эң маанилүүлөрүн бөлүп көрсөтүү керек:

- «Замана» студиясын (Эркиндик бульварында жайгашкан) капиталдык оңдоп чыгуу,
- Концерттик студияны капиталдык оңдоп чыгуу;
- «Спорт» телеканалынын студияларын капиталдык оңдоп чыгуу;
- «Маданият» телеканалынын студияларын капиталдык оңдоп чыгуу;
- Котормо студиясын капиталдык оңдоп чыгуу;

Андан тышкары, оңдоо иштери коридорлордо, тепкич аянтчаларында, студиялардан жана кызматтык имараттарда жүргүзүлгөн, жалпысынан отчеттук мезгил ичинде 50дөн ашуун кабинет оңдолуп чыккан. Бул иштер менен чогуу, башкы имараттарда сигнал берүү жана өрттү алдын ала эскертүү системалары орнотулушкан.

- Ички иштер менен катар, Корпорациянын имараттарынын тышкы түрүн жана ландшафтуу жасалгалоону жакшыртуу боюнча иштер жасалган. Мисалга, аймакты жашылдандыруу жүргүзүлгөн, аймактагы бош турган чарбалык имараттар, кызматкерлер үчүн машина токтотуу жайларын көбөйтүү максаттарында алынып салынган.

Мында КТРКнын дени сак жашоо образын жүргүзүшкөн кызматкерлери үчүн жана жалпы эле алардын социалдык жоопкерчилигин жогорулатуу үчүн, шаарда кыймыл оорлошкон шарттарда транспорттун экологиялык таза жана жеңил түрүнө өтүүгө стимул бере турган вело токтотуучу жайы уюштурулган.

- 2015-жылы аймактык корпункттардын имараттарына жана бөлмөлөрүнө байланышкан маселелерди жөнгө салуу боюнча иштер жүргүзүлгөн. Мисалга алсак, КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 19-ноябрындагы токтому менен Жалал-Абад областтык телерадиокомпаниясынын балансынан КТРКнын балансына өткөрүлүп берилген имарат, ар түрдүү себептерден улам, Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд тарабынан өз убагында аткарылган эмес жана ушуга ылайык имаратты Корпорациянын балансына өткөрүп берүү жүзөгө ашырылган эмес.

Ушуга байланыштуу, 2015-жылы, Корпорациянын КР Өкмөтүнө болгон бир канча кайрылууларынан кийин, Мамлекеттик мүлктү башкаруу фонду тарабынан атайын комиссия түзүлгөн жана КР Өкмөтүнө караштуу ММБФтин 2015-жылдын 21-январындагы №16-п буйругу менен бекитилген «КТРКнын балансына Жалал-Абад шаары, Ленин көчөсү, 45 дареги боюнча жайгашкан тиешелүү аймагы менен турак-жай эмес имараттары өткөрүп берүү жөнүндө» тиешелүү документтер кабыл алынган.

Корпорациянын жамааты үчүн 2015-жылдагы олуттуу окуя болуп ошондой эле Бишкек шаарынын келечектүү районунан 13 сотка өлчөмүндөгү жер тилкесин кызматкерлер үчүн көп кабаттуу, көп батирлүү үйдү курууга алуу саналып калды. 2015-жылдын 8-декабрына карата борбор калаанын 12-кичирайонундагы жер тилкесине карата укукту белгилөөчү тиешелүү документтердин бардыгы жасалган. Долбоордук-сметалык документацияларды түзүү боюнча иштер аяктагандан кийин көп батирлүү үйдү куруу башталмакчы.

**КТРКнын автопаркын жаңылоо**

Кыймылсыз мүлктүн абалын жакшыртуудан тышкары, ошондой эле корпорациянын балансындагы кыймылдуу мүлктү жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлгөн, ошентип, 2015-жылдын жыйынтыктары боюнча КТРКнын автопаркын минивендердин жана 3 жеңил автоунаалардын базасында жаңы 7 автоунаа менен жаңыртуу жүзөгө ашырылган. Автопаркты жаңыртуу КТРКнын өздүк каражаттарынын эсебинен жүргүзүлгөн.

*Санариптик телеберүүгө өтүү жана техникалык кайра жабдуулар тууралуу*

Отчеттук мезгил ичинде КТРКнын СТБнын социалдык пакеттерине кирген жаңы телеканалдарын көчмө, тартуучу, үн, жарык берүүчү жана монтаждык техника менен камсыздоо үчүн техникалык жабдууларды сатып алууга карата бир катар тендерлер өткөрүлгөн.

Санариптик телеберүү жабдууларын сатып алууга карата бардык тендерлер, санариптик телеберүүгө өтүүнүн алкактарында «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» мыйзамга гана ылайык жалпы суммасы 17 млн. 412 миң сомго мамлекеттик электрондук сатып алуулар системасы аркылуу өткөрүлүшкөн.

2015-жылдын жалпы жыйынтыгында модернизациялоо процессинде эксплуатациялоого заманбап, санариптик аудио – видеожабдуулардын, атайын жарык берүү жабдууларынын, компьютердик техниканын жана башка комплектациялоочуларынын 79 комплекти киргизилишкен.

Ошентип, 2015-жылдын жыйынтыктары боюнча «КТРК Спорт» жана «Маданият» санариптик телеберүүнүн жаңы каналдары үчүн аппараттыктары менен таптакыр жаңы 2 эфирдик студия эксплуатациялоого киргизилишкен. Аталган эфирдик студиялар жана аппараттыктар толугу менен HD жогорку чечилиштеги форматтагы видеосигналдарды тартуу жана берүү мүмкүндүгү менен автономдук 24 сааттык берүүлөргө карата адаптацияланган.

Санариптик берүүгө карата өтүүнүн алкактарында колдо бар студияларды модернизациялоо боюнча иштер улантылган, мисалга алсак эң эле масштабдуу оңдоо АСБ-2 600 (концерттик) студиясында жүргүзүлгөн: 2015-жылдын июнунда акрилден 600 чарчы метрге полдук жабуу куюлган, эскирген стационардык отургучтардын ордуна суурулма аудиториялар орнотулушкан, аппараттык студиялар жаңы санариптик жабдуулар менен жабдылган жана эфирге HD жогорку чечилишиндеги форматтагы сигналдарды тартуу жана берүү жүргүзүүгө шарт түзөт. *Жабдууну ташып жеткирүү КР Өкмөтүнүн колдоосунун эсебинен санариптик берүүгө өтүү боюнча мамлекеттик программанын алкактарында жүргүзүлүшкөн.*

Ошондой эле Эркиндик бульварында жайгашкан телевизиондук студиянын капиталдык ремонту жүргүзүлгөн. Студия имараттын ар кайсы бурчтарында статикалуу орнотулган ар түрдүү декорациялары менен бир нече тартып алууларды уюштуруу жана өткөрүү үчүн оптималдаштырылат. Ага катарлаш санариптик телеберүүнүн социалдык пакетиндеги КТРКнын телеканалдарынын биринде күнү-түнү берүүлөр үчүн адаптацияланган.

«Коомдук берүүлөрдү реформалоону колдоо» долбоорунун алкактарында Интерньюс Нетуорк Кыргызстан Өкүлчүлүгүндө «Ала-Тоо» маалыматтык программалар студиясынын тартуучу топторунун ишинин ыкчамдыгын жогорулатуу максаттарында 3G/GPRS жана Wi-Fi түйүндөрү боюнча окуялар болгон жерлерден түз видео тартып көрсөтүүлөрдү жасоого мүмкүндүк бере турган Терадек жабдуусунун 2 комплекти берилген.

Ошондой эле ПРООНдун көмөгү менен отчеттук жылда тартуучу жана жарык берүүчү жабдуулардын комплекти менен заманбап виртуалдык студия эксплуатациялоого киргизилген. Техника телеберүүлөрдү тартууну жакшыртылган сапаттагы виртуалдык студияларда жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

*Адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча ишмердик тууралуу маалымат*

Отчеттук 2015-жылы Корпорацияда ар түрдүү деңгээлдеги кызматкерлер үчүн өсүү, Корпорациянын жалпы прогрессине жана потенциалынын толук кандуу өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү үчүн жагымдуу аянтчаны түзүү боюнча иш улантылган, анын ичинде:

- КРнын Билим берүү жана илим министрлигинен билим берүү ишмердигин жүргүзүүгө, атап айтсак: «КРнын массалык маалымдоо каражаттарынын кызматкерлерин даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу курстарын» уюштурууга карата лицензия алынган.

- Кызматкерлерди мотивациялоо жана корпоративдик эс алуу маданиятын иштеп чыгуу максаттарында билим берүү жана команда-түзүүчүлүк мүнөздөгү бирге чыгуулар, майрам күндөрү корпоративдик иш-чаралар уюштурулган.

- КТРКнын жамаатынын аткаруучулук тартиптерин жогорулатуу үчүн иш-чаралар магниттик өткөрмөлөр боюнча чиптүү-турникеттик системаларды киргизүү аркылуу кабыл алынышкан.

**Кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу. Окуу курстарын уюштуруу:**

КТРКнын «Окуу борбору» тарабынан өткөрүлгөн окутуучу иш-чаралардын жалпы саны отчеттук мезгил ичинде 31ди түзгөн, аларга корпорациянын 484 кызматкери катышышкан. Мында окуу сааттарынын жалпы саны 5-7 саатты (же 5655 адам-саатты) түзгөн. Башка, Корпорациядан тышкары жүргүзүлгөн окутуучу курстарда Корпорациянын 20 кызматкери катышышкан.

- РРТБнын 3 кызматкери окуу борборунун көмөгү менен Санкт-Петербургда квалификациясын жогорулатуудан өтүшүп, 3 кызматкер – Алма-Атадагы жабдуулар көргөзмөсүнө барып келишкен.
- 3 кызматкер Искусство институту менен түзүлгөн келишим боюнча акысыз дистанттык окутууга киришкен, 1 адам – келишимди**к** негизинде.

**Мотивациялык иш-чаралар**

Кызматкерлерди мотивациялоо, жамааттын ширелүү атмосферасын түзүү жана корпоративдик эс алуу маданиятын иштеп чыгуу максаттарында эс алууга чыгуулар жана майрам күндөрү корпоративдик иш-чаралар Корпорациянын өздүк каражаттарынын эсебинен уюштурулушкан.

Ысык-Көлдөгү пансионаттардагы («АКУН Ысык-Көл» отель-пансионатында жана КМЮАнын «Дельфин» пансионатында) 3 күндүк эс алууда 2015-жылы жайында бардыгы болуп Корпорациянын **450 кызматкери** эс алышкан. Аталган жайларда акысыз 3 жолку тамактануу жана эки багытта тең комфортабелдүү автобустарда жол жүрүү камсыздалган. Ошондой эле бүткүл жайкы сезон маалында Корпорациянын кызматкерлери үчүн Чолпон-Ата шаарындагы ведомстволук эс алуу зонасында эс алуу уюштурулган.

Кызматкерлер үчүн жайкы эс алууну Ысык-Көлдүн пансионаттарында жүргүзүү КТРКнын жетекчилигинин жана кабыл алуучу пансионаттардын ортосундагы өз ара пайдалуу кызматташуу тууралуу жетишилген макулдуктардын алкактарында мүмкүн болуп калган.

Ушуга окшош практика жамааттагы атмосферага оң таасир кылган, анын үстүнө жайкы эс алууга кызматкерлер жыл сайын жаңы курамда б.а. али бара электерден топтолуп жөнөтүлүп турушат.

**Кадр иши**

2015-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча кызматкерлердин саны 889 адамды түзгөн, бул жакка штаттык кызматкерлер дагы, кызматтарды көрсөтүү боюнча келишим боюнча ишке тартылышкан адистер дагы киришет. Андан тышкары, Корпорацияда 130га жакын штаттан тышкаркы адам эмгектенишет.

*КТРК боюнча маалыматтар:*

- 66 кызматкер ишинен бошотулган, алардын ичинен 60 кызматкер өз каалоосу боюнча, 3 кызматкер декреттегилердин ишине чыккандыгына байланыштуу жана 3 кызматкер жумуш орундарында жүйөөлүү себептерисиз удаалаш үч сааттан жок болгондуктары үчүн;
- системалуу кечиккендиктери үчүн, 46 кызматкерге карата сөгүштөр жана эскертүүлөр түрүндөгү дисциплинардык жазалоо колдонулган;
- өз функционалдык милдеттерин тийиштүү эмес аткаргандыктары үчүн 68 кызматкерге карата сөгүштөр жана эскертүүлөр түрүндөгү дисциплинардык жазалоо колдонулган.

*РРТБ боюнча маалыматтар*:

2015-жылдагы эмгек жана аткаруучулук тартипти бузгандыгы үчүн эскертүүлөр, сөгүштөр жана чейректик премияларынын ажыратуу түрүндөгү дисциплинардык чаралар 12 кызматкерге карата колдонулган.

- 2015-жылда 48 кызматкер ишинен бошотулушкан, алардын ичинен 41 өз каалоосу боюнча, 3 кызматкер өлүмүнө байланыштуу жана 4 кызматкер КТРКга которулушкан.

*Жарым ставкага иштешкен кызматкерлер тууралуу:*

Отчеттук жылы, бошоп калган кызмат орундарын бириктирүүнүн эсебинен жарым штатка (жарым ставкага) иштешкен кызматкерлердин санын кыскартуу боюнча милдеттер коюлган. Ошентип, Корпорация боюнча 0,5 ставканы ээлеп турушкан бошотулган кызматкерлердин эсебинен 26 бирдик жөнөкөйлөтүлүп жана толук ставкага бириктирилишкен. Эгерде 2014-жылы 0,5 ставканы ээлешкен кызматкерлердин саны 68 болсо, анда 2015-жылдын жыйынтыктары боюнча 0,5 ставканы ээлешкен кызматкерлердин саны 42 болуп калган.

**Сыйлыктар тууралуу:** Телеберүү жана радио кызматкерлеринин күнүнө карата, 8-декабрда, 2015-жылдын иш жыйынтыктары боюнча «Жылдын мыкты кызматкери» наамы менен КТРКнын 24 кызматкери, РРТБнын 21 кызматкери жана КыргызТелефильмдин 1 кызматкери сыйланышкан жана наамдарды алышкан жана акчалай сыйлыктар төлөнгөн. Андан тышкары, социалдык-экономикалык жана инновациялык программалар студиясынын баяндамачысы Алмаз Касымалиев КР Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган, жогорку категориядагы режиссер Жолдошбек Абдыбековго КР Президентинен аты чегилген саат тапшырылган; «Келечек» балдар-билим берүү программалары студиясынын репортеру Нарынбек Күрөңбаев КР Президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

**Аткаруучулук тартибин жогорулатуу:**

КТРКнын жамаатынын аткаруучулук тартибин жогорулатуу үчүн чаралар магниттик өткөрмөлөр боюнча чиптик-турникет системасын киргизүү аркылуу кабыл алынган.

Өткөрүүнүн жана келүүлөрдү эсепке алуунун жекече магниттик карталарынын негизиндеги автоматташтырылган система ишке киргизилген. Анын жардамы менен Корпорациянын кызматкерлеринин аткаруучулук тартибин эсепке алуу жүргүзүлөт, ошентип системалуу кечигүүөр жана кызматкерлердин жумуш орундарынан себепсиз кетип калуулары кыскарган.

Система иштеп баштаган учурдан тартып, б.а. 2015-жылдын июлунан - декабрь айына чейин эмгек тартибинин ченемдерин бузуулар аныкталган, эмгек тартиптин дайыма бузгандарга карата КР Эмгек Кодексине ылайык дисциплинардык жазалоо колдонулган:

- 3 кызматкер жумуш ордунда үч сааттан ашык жүйөөсүз жок болгондугу үчүн бошотулушкан.
- 46 кызматкерге карата дисциплинардык чаралар сөгүштөр жана эскертүүлөр түрүндө системалуу түрдө кечиккендери үчүн колдонулган.

Система ички эмгек тартибин жана ички эмгектенүү эрежелерин сактабаган, жумушка системалуу кечигип келүүчү жана иште эч качан отурбаган «өлүү жандарды» аныктоого мүмкүндүк берген.

**Чет элдик иш сапарлары. Кызматкерлердин форумдарга, жолугушуулрга, стажировкаларга жана семинарларга катышуулары.**

Эл аралык кызматташууну кеңейтүү жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу максаты менен, анын ичинде башка өлкөлөрдүн эстеликтери, маданияты жана тарыхы тууралуу айтып бере турган программаларды өндүрүүдөгү тажрыйба алмашуу максатында 2015-ж. чет элдик ш сапарларына Корпорациянын 72 кызматкери жөнөтүлүшкөн: Анкара (Түркия), Катар (Доха), Улан-Батор (Монголия), Тбилиси (Грузия), Сеул (Корея), Пусан (Корея), Тегеран (Иран), Лондон (Великобритания), Бонн (Германия), Таллин (Эстония), Пекин (Китай), Стамбул (Турция), Минск (Белоруссия), Ташкент (Өзбекстан), СУАР (Кытай), Шанхай (Кытай), Астана (Казакстан), Сиань

(Кытай), Москва (Россия), Прага (Чехия), Душанбе (Тажикстан), Саксония (Германия), Анталья (Түркия).

Алардын ичинен 2 багыт боюнча кызматкерлердин жол жүрүүлөрү «ТРТ» түрк телерадиокомпаниясы менен макулдашуулардын негизинде Анкара (Түркияга) жана «Свобода Радиосуна», Прага шаарына (Чехия) кесипик стажировкалардан өтүү үчүн жүзөгө ашырылган.

Башкы директордун кызматтык иш сапарлары тууралуу маалымат тиркемеде.

**Ички коммуникацияларды жөнгө салуу/Жалпы жыйындарды өткөрүү:**

Отчеттук 2015-жылы жамааттын ичиндеги туруктуу коммуникацияларды, жетекчилик менен кызматкерлердин ортосундагы баарлашуу боюнча калыпка салуу боюнча чаралар кабыл алынышкан. Жыйынтыгында 2015-жылы **башкы директордун** бүткүл жамаат менен өткөн **3 жалпы жыйыны** жүргөн, аларда Корпорация үчүн маанилүү маселелер, аларды чечүү жолдору талкууланган, ошондой эле бардык кабыл алынып жаткан чечимдер, өзгөртүүлөр жана тигил же башка кабыл алынып жаткан чаралардын мүмкүн болгон алдын ала өбөлгөлөрү тууралуу бүткүл маалымат берилген. Андан тышкары күн сайын болуучу негизде ТБ жана радионун программалар сеткасын талкуулоо боюнча программалык планеркалар өтүп урат, ошондой эле студиялардын жана бөлүмдөрдүн жамааттары менен таанышуу жолугушуулары өткөрүлөт. Буга окшош практика биринчи кезекте Корпорациядагы чечимдерди кабыл алуу саясатынын тунуктугуна багытталган, ар бир кызматкер кабыл алынып жаткан чечимдер жана жетекчилик тарабынан жасалып жаткан иштер тууралуу билип турушу үчүн.

*Чет элдик телерадиокомпаниялары менен болгон өнөктөштүк мамилелер.*

Отчеттук мезгилде Корпорация BBM Бүткүл дүйнөлүк кызматы менен эфир убактысын ижарага алуу маселесинде жана TRT Түрк телерадиокомпаниясы менен КТРКнын кызматкерлери менен ай сайын өтүүчү стажировкалар жана контент менен өз ара алмашуу тууралуу маселелери өнөктөштүк мамилелердин сактап калган. Ошондой эле «CCTV-Русский» (КЭР) Орус бөлүмү менен КТРКнын кызматкерлеринин Пекинде CCTVнин базасында ай сайын стажировкадан өтүүсүнө карата жана жаңылык маалыматтары менен алмашып турууга карата, 2016-жылы баштала турган макулдашуу түзүүгө жетишкен. КТРКнын кызматкерлеринин стажировкасы кабыл алып жаткан тараптын эсебинен каржыланат, Корпорация эки багыттагы авиабилеттерин төлөп берет.

Кытай Элдик Радиосу (CNR) менен радиодогу эфир убактысын ижарага алууга карата маданий-таанып-билүү мүнөзүндөгү берүүлөрдү жайгаштыруу үчүн жаңы келишим түзүлгөн.

Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыктары боюнча 2015-жылы Синьцзян - Уйгур Автономиялуу Республикасынын (Кытай) «XJTV Китай» телеберүүсү менен таанып-билүүчү берүүлөрдү алып көрсөтүү үчүн макулдашуу түзүлгөн.

Отчеттук мезгилде эл аралык кызматташууну кеңейтүү боюнча иштердин алкактарында кол коюуга карата Ирандын радиосу жана телевидениеси, «Фарс» маалыматтык агенттиги, Монгол улуттук коомдук телевидениеси MNB, Азербайжандын мамлекеттик телеберүүсү, Дубай ТБ жана Корея Республикасынын ТБ компаниялары менен кызматташуу тууралуу макулдашуулар даярдалган. Бул макулдашуулардын негизи контент алмашуу боюнча, кызаматкерлер үчүн стажировкаларды өткөрүү боюнча өз ара кызыкчылыкта турат.

## 3. ПРОГРАММАЛАР СЕТКАСЫ АНДАГЫ ПЛАНДАШТЫРЫЛЫП ЖАТКАН ӨЗГӨРҮҮЛӨР

Аудиториянын пикирлерин жана сунуштарын талдоого негизделип, 2015-жылдын ичинде башкы каналдын программалар сеткасында өзгөрүүлөр жүргүзүлгөн, алар эң алгач, эскирген, мааниси же форматы жагынан окшош, сапатсыз берүүлөргө жана коомдук каналдын концепциясына жана редакциялык саясатына шайкеш келбей турган берүүлөргө тийиштүү болгон.

Отчеттук мезгил ичинде эфирден толугу менен 18 туруктуу циклдүү, мазмундук бөлүгү боюнча суроолорду пайда кылган берүүлөр алынып салынган. Мисалы, эфирден ар кайсы региондо жашашкан жарандардын көп сандаган «автор жана алып баруучу тарабынан материалды даярдагандыгы үчүн пара алуусу жөнүндө» даттанууларынан улам «Антикоррупция» берүүсү алынып салынган, жыйынтыгында жыйналган материалдар КР Башкы прокуратурасына жөнөтүлгөн, ал эми автордун өзү эфирдеги ишинен четтетилген. Мындай жол менен, ар бир жабылган берүү боюнча чечим, берүүнү андан ары улантууну мүмкүн эмес кыла турган кескин себептердин негизинде кабыл алынган.

Жабылып калган берүүлөрдүн ордуна көрүүчүлүк талаптарга көбүрөөк жооп берип турушкан телекөрсөтүү берүүлөрү иш жүзүнө ашырылышкан. Мисал катары, КР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин катышуусу менен 2015-жылдагы шайлоонун адындагы дебаттарды же «КТРК Кербени» аталышындагы, ар кайсы аймактардагы адамдар ийгиликтери, «жөнөкөй эмес иштерди жасап жатышкан айылдардын жөнөкөй жашоочулары» тууралуу айтып берүүчү берүүнү атап кетүүгө болот.

2015-жылы контентти тышкы ташып жеткирүүчүлөр менен мурда келишилген макулдуктар кайра каралып чыкка, жыйынтыгында Азаттык Медианын берүүлөрү эфирдеги эртерээк убакытка, берүүлөр сеткасында ТБ долбоорлорунун өздүк брендик берүүлөрүн кечки убакыттарга эң көп адам көрө турган (прайм-тайм) сааттардын пайдасына жылдырылышкан.

Ошондой эле отчеттук мезгилдин башынан тартып КТС жана эфир убактысын юбилейлерди жана жетиштүү негиздердин концерттерди алып көрсөтүү үчүн бөлүштүрүү практикасы токтотулган. Жаңы эрежелерге ылайык КТСти жеңилдик берилүүчү негиздерде бөлүү маселеси же акысыз тартуу жана эфирде алып көрсөтүү үчүн негиздер башкы директордун чечимдери зонасынан чыгарылган жана КТРКнын Коллегиясы тарабынан гана тиешелүү критерийлердин негизинде гана чечилет. Аларга ылайык, башкы чечүүчү шарт болуп телеканалдын эфири үчүн ушул контенттин баалуулугу жана эсептеле алат.

Жыйынтыгында 2015-жылы КТС (көчмө телеберүү студияларынын) чыгып тартууларынын саны, 2014-жылда болгонго караганда, 37 пайызга кыскарган, (2015-ж.- 194 чыгуулар, 2014-ж. – 304 чыгуу), бул **эфирдеги сапатсыз концерттердин үчтөн бирге кыскаруусун божомолдоп турат**.

Контентти жаңылоо маселесинде көрүнүктүү окуя болуп күнү-түнү тартуучу «КТРК Спорт» спорттук телеканалынын ачылышын атоого болот. Канал толугу менен негизги телеканалдан көз карандысыз автономдуу тартууга адаптацияланган, анткени өздүк

студиясы жана аппараттары, тартуу техникалары жана тейлөөчү жана чыгармачыл-өндүрүштүк персоналдын толук топтолгон штаты менен камсыз болуп жабдылган. Контент менен камсыздоо үчүн немец жана испан премьер лигаларынын (La Liga жана Bundesliga) футбол оюндарын, One FC эрежелерсиз кармаштар боюнча жана башка берүүлөрдү алып көрсөтүүгө карата укуктар алынган.

*2015-жылдагы Коомдук биринчи каналдын берүлөр сеткасындагы жаңы телеберүүлөр:*




**Трибуна КТРК**

Эгерде сизде айта турган нерсеңиз бар болсо, эгерде сиз каалагандай актуалдуу темага өз көз карашыңызды билдирүүнү каалсаңыз эгерде сиз курчап турган чөйрөгө таасир кылууну кааласаңыз жана өз салымыңызды биздин коомду өзгөртүүгө кошкуңуз келсе, "Трибуна КТРК" атайын долбоору сиз үчүн! "Трибуна КТРК" – тегерегиңди өзгөрт, коомго жакын бол!

**КТРК Кербени**




КТРК Кербени – алып баруучулар Кыргызстандын жети областы боюнча саякатташат жана миңдеген адамдардын арасынан демилгелүү, эмгекти сүйгөн, тапкыч жана таланттуу адамдарды табышат. Алар менен чогуу бир жумуш күнүн баштарынан кечиришет жана ошол жердин жашоосунун атмосферасына чумкушат. Ар бир тарых, бүтүндөй бир өмүр сыяктуу. Кыргызстанда таланттуу адамдар абдан көп, алар өз эмгектери жана умтулуулары менен максаттарына жетишишет жана өнүгүп келишүүдө. КТРК Кербени – бул жаңы идеялар, жаңы адамдар, сулуу Кыргызстан жана өсүү үчүн ири стимул.




**Ийгилик формуласы**

Тигил же бул чөйрөдө кантип ийгиликке жетишүү керек жана ийгилик формуласы эмнеде камтылган? Ийгиликтүү, заманбап жана таланттуу адамдар жашоонун эң эле ар түрдүү чөйрөлөрүндөгү: спортто, саясатта, маданиятта, бизнесте жана башка көптөгөн тармактардагы өзүнүн ийгилигинин сырлары менен бөлүшүшөт. «Ийгилик сырлары» - бул жашоо образы, кызыгуулар, бизнес жана максатын карай умтулгандык. Жаңы адамдар, жаңы идеялар, шыктануучулук жана ийгилик!

**Журналисттик иликтөө**





“Журналисттик иликтөө” – системадагы жана коомдогу мыйзамсыз аракетер жана тартип бузуулар тууралуу иликтей турган долбоор. Ар бир берүүдө программанын журналисттери татаал кырдаалдарды чечмелешет жана жагдайларга ар тараптан көз салууга аракет жасашат.




**Апта аягында**

Жума сайын өтүүчү "Апта аягында" ток-шоусу коомдун эң эле көйгөйлүү маселелери тууралуу, өлкөнүн саясий жана экономикалык жашоосунда болуп жаткан окуялар жөнүндө эксперттердин жана коомдук, саясий ишмерлердин катышуусу менен талкуулайт. Тике берилген суроолор, курч темалар, катуу талкуулоолор!




**«Дебаттар» теледолбоору жана «Салам сага, Кыргызстан!» жаңы жылдык тасмасы**



*Корпорация тарабынан алып көрсөтүлгөн, көз карандысыз өндүрүүчүлөр тарабынан өндүрүлгөн, өндүрүүчүлөрдүн же компаниялардын аттарын (аталыштарын) кошо алуу менен берилген программалардын тизмеси.*

| №. | Контенттин аталышы | Өндүрүүчүлөрдүн же компаниялардын аталыштары |
|---|---|---|
| 1 | «Кекеч» көркөм тасмасы | Сулайманова С. |
| 2 | Очарованный странник | Лючаню Равшан |
| 3 | «5000 сом» көркөм тасмасы | Искеналиев С.И. |
| 4 | «Көк-Жал» көркөм тасмасы | Токтобекова А. |
| 5 | Тунку Кыргызстан | "Култаев продакшн" ЖЧКсы |
| 6 | Жыргал лайф | "Телемедиа" ЖЧКсы |
| 7 | Проект Тонус | "Центр укрепления семьи Данакер"КФсы |
| 8 | Кырдагы Кыял | Раимкулова Н.Д |
| 9 | «Рэкетир-2» көркөм тасмасы | "ТамаШоу" КБсы |
| 10 | Капитал долбоору | "Капитал Инфо Сервис" ЖЧКсы |
| 11 | Жарайт сити | "Табалдиев А." ЖИ |
| 12 | «Напарниктер» көркөм тасмасы | Осмонканов Б. |
| 13 | Джон Грейдин семинары | "Бай Бол проффи" ЖЧКсы |
| 14 | «Шайлоо-Жайлоо» көркөм тасмасы | "Туз" ЖЧКсы |
| 15 | Кей Джи-Тай | "Арт Булак" КФ |
| 16 | «Даңазалуу доор» сериалы | "Мультимедиа" ЖЧКсы |
| 17 | «Аку» көркөм тасмасы | Койчуманов Т. |
| 18 | «Инсан» көркөм тасмасы | Мээрканов Э. |
| 19 | «Көпөлөк» көркөм тасмасы | Жаныбекова Ф. |
| 20 | «Курут» көркөм тасмасы | "Тамадалар групп" ЖЧКсы |
| 21 | Бейне Өнөр конкурсу | "Бейне Өнөр" КБФы |
| 22 | "Эйфория Люкс" ЖЧКсы | "Эйфория Люкс" ЖЧКсы |
| 23 | Күлкү терапиясы | Ажалиев А.Т. |
| 24 | «Путь» көркөм тасмасы | Усенова К. |
| 25 | Сүйүнчү долбоору | "Окой" ЖЧКсы |
| 26 | «Раззаков» көркөм тасмасы | "Республиканский фонд имени Раззакова И." КБсы |
| 27 | Уан магазин эвордс 2015 | "First Media" ЖЧКсы |
| 28 | Чоң ремонт | "Табалдиев А." ЖИ |

## 4. КТРКНЫН 2015-ЖЫЛ ҮЧҮН КИРЕШЕЛЕР ЖАНА ЧЫГАШАЛАРЫ БОЮНЧА ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАРЫ МЕНЕН ФИНАНСЫЛЫК-ЧАРБАЛЫК ИШМЕРДИГИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Ишкананын бакубаттыгы жана анын ишмердигинин жыйынтыктары олуттуу өлчөмдө, чарба жүргүзүүнүн ушул субъекти кандай финансылык ресурстарга ээ экендиги, алардын структурасы канчалык оптималдуу экендиги, алар негизги жана жүгүртүүдөгү фонддорго канчалык максатка ылайыктуу трансформацияланып жаткандыгы менен аныкталат. Ушуга байланыштуу финансы ресурстарын тартуу жана аларды натыйжалуу пайдалануу ишкананын чарбачылык ишмердигин түркү жогорку жыйынтыктарына жетишүүнү камсыздоого багытталган финансылык менеджменттин маанилүү функцияларынын бири болуп саналат.

Финансылык ресурстарды пайдалануунун натыйжалуулугун аныктоо кирешелүүлүктү өстүрүүгө, чыгашалардын себептерин табууга, ошондой эле туруктуу финансылык абалды камсыздоого багытталган башкаруучулук чечимдерин кабыл алуу үчүн зарыл. КТРКны каржылоо тышкы жана ички каржылоого бөлүштүрүлөт. Тышкы каржылоо – башка министрликтер жана ведомстволор менен катар республикалык бюджеттен, ичкиси – өздүк каражаттардын эсебинен. 1-таблицада Корпорациянын бюджетинин структурасы жана динамикасы берилген.

**КТРКнын 2012-2015-жж. үчүн бюджетинин структурасы жана динамикасы/ тыс.сом**

*1-таблица*

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Республикалык бюджет | 408 453,9 | 400 464,3 | 438 852,4 | 427 816,7 | 400 233,4 |
| Өздүк каражаттар жана гранттар | 89 004,8 | 94 725,8 | 118 192,3 | 188 098,8 | 265 348,6 |
| Бюджет, бардыгы болуп | 497 458,7 | 495 190,1 | 557 044,7 | 615 915,5 | 665 582,0 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, Корпорациянын бюджети өсүп келе жатат жана 2015-жыл үчүн 2014-жылга салыштырмалуу 94 361,1 миң сомго же 16,5% өскөн. Корпорациянын бюджеттерин жогорулоосу отчеттук мезгил ичинде өздүк каражаттарынын эсебинен, 2014-жылга салыштырмалуу 121 944,4 миң сомго же 85% жүргөн.

Бирок, КТРКнын отчеттук жылда мамлекеттик бюджеттен каржылануусунун көлөмүнүн 2015-жылга карата караштырылган ююджеттин долбоорундагынын 42,2% деңгээлинде жүргүзүлгөндүгүн белгилей кетүү керек (2-таблица). Мында, республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын негизги бөлүгү сигналды алып көрсөтүү кызматтарынан төлөнөт жана Корпорациянын бюджетинин 44% түзөт. Жыл ичинде КР Мамлекеттик байланыш агенттигинин өкүлдөрү жана РМТР РПОнун кызматкерлери менен биргеликте республикасынын бүткүл аймагында жер-жерлердеги сапатсыз сигналды аныктоо боюнча инспектордук текшерүүлөр жүргүзүлүп турган. Текшерүлөрдүн жыйынтыктары боюнча жаза пулдар жана тезникалык токтоп калуулар боюнча алып көрсөтүү кызматтары үчүн акынын баасы чыгарылып ташталган, бул 7млн. 122,5 миң (жети миллион жүз жыйырма эки миң беш жүз) сомду түзгөн. Бул сумманы үнөмдөө аны Баткен областы боюнча «Музыка», «Баластан» жана «Маданият» каналдарынын сигналын таркаткандыгы үчүн төлөөдө пайдаланууга мүмкүндүк түзгөн.

**Республикалык бюджетте караштырылган жана факт жүзүндөгү каражаттардын суммасы менен салыштырмалуу таблица /миң сом**

*2-таблица*

| | 2015 | | |
|---|---|---|---|
| | **Текшерүү сандары** | **Билдирилген сандар** | Текшерүүчү катнаштардын билдирилгендерге карата % |
| Бюджет, бадыгы болуп | 400 233,40 | 949 212,33 | 42,2 |
| %дарда | 100 | 100 | |
| анын ичинде: | | | |
| Эмгек акы | 76 947,40 | 76 947,90 | 100 |
| ошол эле %дарда, | 19,2 | 8,1 | |
| СФга которуулар | 13 273,40 | 13 273,40 | 100 |
| ошол эле %дарда, | 3,3 | 1,4 | |
| Кызматтык ишсапарлары | 2 500,00 | 2 500,00 | 100 |
| ошол эле %дарда, | 0,6 | 0,3 | |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 279 106,80 | 359 149,49 | 77,71 |
| ошол эле %дарда, | 69,7 | 37,8 | |
| Машиналар жана жабдуулар | 17 142,00 | 413 924,20 | 4,1 |
| ошол эле %дарда, | 4,3 | 43,6 | |
| Жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 11 263,80 | 69 736,74 | 16,2 |
| ошол эле %дарда, | 2,8 | 7,3 | |
| Капиталдык ондоолор | | 13680,6 | 0,0 |
| ошол эле %дарда, | | 1,4 | |

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 09.10.2014-жылдагы №593 токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын санариптик телерадиоберүүгө ылдам өтүү максаттарында КТРКга 17 142 миң сом жабдууларды сатып алууга (социалдык пакеттеги үч каналга карата: Коомдук биринчи канал, Маданият, Баластан) бөлүнүп берилген. Бирок, санариптик берүүгө өтүүгө карата мамлекеттик бюджеттен каражаттарды жарым-жартылай жана жетишсиз деңгээлде бөлүп беришкендигине байланыштуу, Корпорация телерадиокөрсөтүү студияларын жана аппараттыктарын техникалык модернизациялоо боюнча иштеринин графигин белгисиз мөөнөткө жылдырууга аргасыз.

Башкаруунун эң маанилүү функциясы болуп ишкананын финансылык ресурстарын рационалдуу калыптандыруу эсептелет. Ар түрдүү ишканалардагы финансылык ресурстардын курамы сан жагынан жана сапат жагынан айырмаланып турат. Ал, эң алгач, фирманын ишмердигинин профили, анын тармактык тиешелүүлүгү, өндүрүшүнүн көлөмдөрү, иштегендеринин саны жана башка факторлор менен аныкталат. Компаниянн финансылык ресурстарын калыптандыруунун негизги максаты болуп анын чарбалык ишмердигин стратегиялык келечекте өнүктүрүүнү камсыздоочу зарыл болуучу активдерди калыптандыруудагы керектөөлөрүн канааттандыруу эсептелет.


Корпорациянын финансылык ресурстарын калыптандыруу процессин стратегиялык башкаруу өздүк кирешелердин структурасын жана динамикасын караштыруу зарылдыгын алдын ала аныктап турат.

**КТРКнын 2011-2015-жж. каралган өздүк кирешелеринин структурасы жана динамикасы / миң сом**

*3-таблица*

| | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|---|
| Өздүк каражаттар бардыгы болуп | 89 004,8 | 94 725,8 | 118 192,3 | 188 098,8 | 260886,3 |
| анын ичинде | | | | | |
| Саясий жарнама | 12 086,4 | 7 888,8 | | | 78 948,9 |
| Жарнама | 53 249,6 | 56 982,8 | 70 326,1 | 86 433,8 | 103 217,4 |
| Эфир убактысы | 29 675,1 | 33 380,0 | 39 677,7 | 48 642,2 | 56 017,4 |
| Жабдууларды жана имараттарды ижарага берүү | 2 708,5 | 1 400,3 | 1 902,3 | 2 869,0 | 2 063,7 |
| Жүгүртүлүүчү сап | 280,0 | 358,7 | 1 497,9 | 1 642,4 | 2 879,0 |
| Арноо-концерти | 875,0 | 958,6 | 317,3 | 781,3 | 773,1 |
| Берүүлөр программасы | 536,8 | 621,5 | 844,0 | 366,0 | 470,0 |
| Гранттар жана демөөрчүлөр | | 574,0 | 2 185,5 | 44 756,4 | 10 858,2 |
| Жана башкалар | 1 679,8 | 449,9 | 1 441,5 | 2 607,7 | 5 658,6 |

**2015-жыл үчүн КТРКнын өздүк кирешелери,миң сом.**




Корпорациянын кирешелеринин негизги булагы болуп жарнама убактысын (кирешенин 69,9%) жана контентти жайгаштыруу үчүн эфир убактысын (кирешенин 21,5%) сатуу эсептелет. Кирешелердин өсүүсүнүн динамикасы, 2015-жылдагы, 2014-

жылга салыштырмалуу 81,9% жогорулоону көрсөтүп турат. Эгерде саясий жарнамаларды эсепке албастан кирешелердин жогорулоосун ала турган болсок, анда жогорулоонун суммасы 38 533,2 миң сомдуо же 26,9% түзөт, анын ичинде жарнамадан 19,4%, эфир убактысын сатуудан 15,2%.

Финансылык ресурстардын жетиштүү көлөмдө бар болушу, аларды натыйжалуу пайдалануу ишкананын жакшы финансылык абалын, төлөөгө жөндөмдүүлүгүн, финансылык туруктуулугун, ликвиддүүлүгүн алдын ала аныктап турат. Ушуга байланыштуу маанилүү милдет болуп өздүк финансылык ресурстарды көбөйтүү резервдерин издөө жана аларды бүтүндөй ишкананын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максаттарында эң эле натыйжалуу пайдалануу эсептелет. 2015-жылы Корпорациянын кирешелүүлүгүн жогорулатуу резервдерин аныктоо, жоготууларды кыскартуу жана Корпорациянын негизги товарын сатуунун натыйжалуулулугун жогорулатуу үчүн талдоо жүргүзүлгөн. Төмөнкү таблица абдан көрсөтмөлүү:

**2014-2015-жж. жарнама убактысын сатуу/мүнөт**

*4-таблица*

| көрсөткүчтөр | 2014 | 2015 |
|---|---|---|
| КТРКнын негизги каналынын берүүлөрүнүн эфирдик убактысы | 386293,8 | 374961 |
| Уруксат берилген жарнама убактысы ("КТРК жөнүндө" мыйзамы 9-бер 2-п) | 38629,4 | 37496,1 |
| **коммерциялык жарнама** | | |
| прайм тайм | 6681,9 | 7 010,1 |
| офф тайм | 1670,5 | 2 224,5 |
| ***Жыйынтыгында комм. жарнама*** | ***8352,4*** | ***9234,5*** |
| **саясий жарнама** | | |
| прайм тайм | | 1373,0 |
| офф тайм | | 589,0 |
| ***Жыйынтыгында саясий жарнама*** | ***0*** | ***1962*** |
| **социалдык жарнама (Жарнама жөнүндө мыйзамдын 20-3-бер. 1-п. 5%) акысыз** | 417,6 | 559,8 |
| прайм тайм | 1735,0 | 608,0 |
| офф тайм | 2 603,0 | 910,0 |
| ***Жыйынтыгында соц. жарнама акысыз*** | ***4 338,0*** | ***1518,0*** |
| **соц. жарнама акы төлөнүүчү** | | |
| прайм тайм | 575,0 | 758,1 |
| офф тайм | | 182,6 |
| ***Жыйынтыгында соц. жарнама акы төлөнүүчү*** | ***575,0*** | ***940,7*** |
| **Жыйынытыгы** | **13265,4** | **13655,2** |

2015-жыл үчүн каналдын берүүлөрү 374 961 мүнөттү (6 249,35 саат) түзгөн. «Коомдук телередиоберүү корпорациясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык, жарнама менен пайдалануу үчүн уруксат берилген убактысы 37 496,1 мүнөттү (624,9 саат) түзөт.

2014-жыл ичинде жарнамалык максаттарда 13265,4 мүнөт (же 34,3%) пайдаланылган, алардын ичинен 4 338 мүнөт акысыз берилген (11,2%) же 2014-жылдагы бардык жарнамадардын ичинен 32%. 2014-жылга салыштырганда 2015-жылы жарнама үчүн 13 655,2 мүнөттөр (36,4%) же 389 мүнөткө көбүрөөк убакыт берилген. Мында, резервдердин бири катары акысыз социалдык жарнама кескир кыскартылган (2015-жылда жалпы берилген аянттардын 11%). Социалдык жарнаманы жайгаштыруудан алынган киреше 940,7 мүнөттөн 4 875 миң сомду түзгөн.







Андан тышкары, жарнама берүүчүлөр тарабынан аз пайдаланыла турган күндүзгү убакта (офф-тайм) жарнаманы жайгаштыруу түрүндөгү кошумча резерв пайдаланылган. 2015-жыл ичинде офф-таймдагы жарнама убактысы 2813,5 мүнөткө 11 546,6 миң сомго сатылган, бул мурунку жылдагыга караганда 6 034,0 миң сомго көп, башкача айтканда 2 эседен ашык жогорулоо жүргөн.

2015-жылдагы кошумча берене болуп эфир убактысын өздүк наркы боюнча сатуу эсептелип калган. Мурунку жылдары коомдук фонддордон, ассоциациялардан, маммекемелерден кайрылуулар боюнча ар түрдүү иш-чараларды жарыялоо үчүн эфир убактысын акы төлөөсүз сунуштоо практикасы кабыл алынган. 2015-жылы телеберүүнү эфирдик убактысынын бир мүнөтүнүн өздүк баасы эсептелинген, ал боюнча маанилүү иш-чаралардын, искусствонун эмгек сиңирген ишмерлеринин гана анонсторуна акы төлөө кабыл алынган. Өздүк наркы боюнча сатуудан алынган киреше суммасы 665,3миң сомду (443,5 мүнөттө) түзгөн.

Концерттерди, маарекелерди, иш-чараларды тартып алуу үчүн 2015-жылдагы КТС (көчмө телеберүү студиялары) сунуштоо үчүн алынган кирешелердин жогорулоосу катталганын белгилеп кетүү зарыл. Өткөн жыл жана утурумдук жыл үчүн КТСлардын чыгууларынын санын салыштырган учурда, төмөнкүдөй корутундуларды жасоого мүмкүн болот:

- ✓ 2015-жылы КТСлардын чыгууларынын саны 2014-жылга салыштырмалуу 110 рейске кыскарган.
- ✓ Бирок мында КТСларды ижарага берүү боюнча кирешелер 2015-ж. 215,1 миң сомго көбөйгөн.
- ✓ 2014-жылдагы чыгуулардын 64% учурунда, 2015-жылдагы киреше 59,3% жогорулаган.

**ПТС ЧЫГУУ САНЫ ЖАНА ПТС ИЖАРАГА БЕРГЕНДИГИ ҮЧҮН 2014-2015-ЖЖ КАРАТА КИРЕШЕЛЕР СУММАСЫ БОЮНЧА САЛЫШТЫРМА ГРАФИКА**



Төмөндөгү графикте, экономикалык кризиске жана ири жарнама берүүчүлөрдүн рыноктон кетишине карабастан, Корпорацияга отчеттук мезгилде кирешелерди сактаганга, жада калса эки эсеге өстүргөнгө мүмкүн болуп калган.




Финансылык абалы ишкананын ишкер активдүүлүгүнүн жана ишенимдүүлүгүнүн маанилүү мүнөздөмөсү болуп саналат. Ал ишкананын башкаруусунда бар болгон мүлк жана каржылоо булактары, ошондой эле ишкерликтин финансылык жыйынтыктары менен аныкталат. 5-таблицада Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын активдеринин жана пассивдеринин динамикасы бухгалтердик отчеттуулуктун 2011-2015-жж. үчүн берилген.

**2011-2015-жж. үчүн КТРКнын активдеринин жана пассивдеринин динамикасы/ миң сом**

*5-таблица*

| | 2011-жыл | 2012-жыл | 2013-жыл | 2014-жыл | 2015-жыл |
|---|---|---|---|---|---|
| АКТИВДЕР | | | | | |
| *Узак мөөнөттүү активдер* | | | | | |
| Негизги каражаттар | 285 135,2 | 187 367,0 | 185 303,5 | 207 321,5 | 260 772,8 |
| Жана башка материалдык эмес активдер | 17 012,0 | 17 274,5 | 17 143,1 | 16 992,9 | 17 832,1 |
| **жыйынтыгында узак мөөнөттүү активдер** | ***302 147,2*** | ***204 641,5*** | ***202 446,6*** | ***224 314,4*** | ***278 604,9*** |
| *кыска мөөнөттүү активдер* | | | | | |
| Запастар | 10 457,6 | 9 480,3 | 11 539,1 | 10 915,2 | 16 184,8 |
| Сатып алуучулардын дебитордук карызы | 31 319,5 | 11 197,2 | 15 219,8 | 16 950,7 | 32 389,7 |
| Жана башка дебитордук карызы | 9 126,2 | 8 996,1 | 24 219,0 | 40 042,3 | 20 664,0 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жана башка финансылык активдер | 12,0 | 12,0 | 12,0 | 12,0 | 12,0 |
| Утурумдук салык милдеттенмелери | 5 196,0 | 1 291,2 | 6 312,3 | 970,8 | 2 452,5 |
| Жана башка активдер | 6 722,7 | 3 961,8 | 2 544,6 | 2 486,3 | 1 775,6 |
| Кассадагы жана банктагы акча каражаттары | 6 602,7 | 18 508,5 | 25 010,4 | 12 943,1 | 56 977,2 |
| **жыйынтыгында кыска мөөнөттөө активдер** | ***69 436,7*** | ***53 447,1*** | ***84 857,2*** | ***84 320,4*** | ***130 455,8*** |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА АКТИВДЕР** | **371 583,9** | **258 088,6** | **287 303,8** | **308 634,8** | **409 060,7** |
| КАПИТАЛ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР | | | | | |
| *Капитал жана резервдер* | | | | | |
| Уставдык капитал | 112 078,0 | 112 078,0 | 112 078,0 | 112 078,0 | 112 078,0 |
| Резервдер | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | 35 878,4 | 40 345,7 | 47 101,5 | 43 710,1 | 134 107,8 |
| **Жыйынтыгында капитал** | ***147 956,4*** | ***152 423,7*** | ***159 179,5*** | ***155 788,1*** | ***246 185,8*** |
| *Узак мөөнөттүү милдеттенмелер* | | | | | |
| Кийинкиге калтырылган салык милдеттенмелери | 4 876,4 | 4 314,1 | 5 245,8 | 8 295,5 | 18 233,4 |
| Жана башка милдеттенмелер | 193 527,3 | 59 008,3 | 89 544,6 | 122 484,2 | 118 195,1 |
| **Жыйынтыгында узак мөөнөттүү милдеттенмелер** | ***198 403,7*** | ***63 322,4*** | ***94 790,4*** | ***130 779,7*** | ***136 428,5*** |
| *Кыска мөөнөттүү милдеттенмелер* | | | | | |
| Соода жана башка кредитордук карыз | 15 216,4 | 31 115,7 | 17 877,5 | 8 529,7 | 15 103,6 |
| Жана башка финансылык милдеттенмелер | 1 954,0 | 1 455,2 | 245,0 | 495,8 | 1 181,6 |
| Утурумдук салык милдеттенмелери | 931,6 | 731,0 | 6 308,2 | 4 568,3 | 2 674,2 |
| Жана башка милдеттенмелер | 7 121,8 | 9 040,6 | 8 903,2 | 8 473,2 | 7 487,0 |
| **Жыйынтыгында кыска мөөөнөттүү милдеттенмелер** | ***25 223,8*** | ***42 342,5*** | ***33 333,9*** | ***22 067,0*** | ***26 446,4*** |
| **ЖЫЙНТЫГЫНДА КАПИТАЛ ЖАНА МЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | **371 583,9** | **258 088,6** | **287 303,8** | **308 634,8** | **409 060,7** |

**Финансылык абалга жалпы баа берилиши жана анын отчеттук мезгил ичиндеги өзгөрүүлөрү:**

- ✓ Санариптик берүүлөргө өтүү шарттарындагы техникалык модернизациялоо пландарына ылайык корпорациянын кайра жабдылып чыгарылышы жүрүүдө, ушуга байланыштуу 2015-жылдын аяк жагына карата 53 451,3 миң сомго жогорулоо болгон, материалдык эмес активдердин баасы 839,2 миң сом болгон.
- ✓ Жүгүртүү активдери жогорулоого карата туруктуу тенденцияга ээ. Жүгүртүү активдеринин баасынын жогорулоо динамикасы 54,7% жогорулоону же 2014-жылга салыштырмалуу 46 135,4миң сомго жогорулоону көрсөтүп турат. Банкта жана кассада 56 977,2 миң сом суммасындагы акча каражаттары

аккумуляцияланган, бул 2014-жылга салыштырмалуу 44 034,1 миң сомго көп. Дебитордук карыз 3 939,3 миң сомго азайган.

- ✓ Таблицадагы маалыматтар боюнча өздүк капиталдын өсүүсү көрүнүп турат, өткөн жылга салыштырмалуу жогорулоо 90 397,7 миң сомду түзөт.
- ✓ Өткөн мезгил ичиндеги кыска мөөнөттүү милдеттенмелер 4 379,4 миң сомго (19,8%) өсүшкөн. Узак мөөнөттүү милдеттенмелер 5648,8 миң сомго же 4,3% өскөн, бул кийинкиге мөөнөтү калтырылган салык милдеттенмелери менен байланышта.
- ✓ 2015-жылы өздүк каражаттардын эсебинен УЕФАнын алдындагы 80 605,0 АКШ доллары (5 800 миң сом) өлчөмүндөгү ири мөөнөтү өтүп кеткен кредитордук карыз төлөнүп берилген, Лига жана Бундесликанын ЛАсын көрсөтүүгө карата диценизиялык укуктары 35000,0 долларов США (2 380,0 миң сом) өлчөмүндө сатылып алынган. Өздүк каражаттардын эсебинен административдик корпустун 3-кабаты 3 800 миң сомго оңдолуп чыккан, 10 автомашина 7 230,0 миң сом суммасына сатылып алынган.

Ошентип, Корпорациянын финансылык абалынын биринчилик талдоого алынышы ишкананын өздүк капитал менен камсыздалган, бюджеттик ассигнацияларды алуучу, ликвиддүү активдери бар жана карыз милдеттенмелерин мөөнөтүндө жана толук көлөмдө төлөө мүмкүндүгү бар, жетиштүү төлөөгө жөндөмдүү болгон туруктуу, атаандаштыкка жөндөмдүү, динамикалуу өнүгүүсүн көрсөтүп турат.

Өкмөттүн колдоосу алдында «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-февралындагы №62 «Мамлекеттик ишканаларды башкарууну өркүндөтүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүү киргизүүгө жетишилди. Кабыл алынган өзгөртүүлөргө ылайык КТРКнын РРТБ МИси бир жылга мамлекеттин кирешесине 2015-жылы алынган пайданын 50% которуудан, КТС сатып алууга карата максаттуу колдонуусу менен бошотулат, бул КТРКнын материалдык-техникалык базасын жакшыртууга кошумча мүмкүндүк берет. КТРКнын башкаруусунда 2015-жылдын жыйынтыктары боюнча кала турган сумма дээрлик 38,8 млн. сомду түзөт.

## 5. АУДИТОРИЯ МЕНЕН КАЙТАРЫМ БАЙЛАНЫШТЫ КАЛЫПКА САЛУУ БОЮНЧА ИШТЕРДИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Корпорациянын ишмердиги өзүнүн аудиториясы менен үзгүлтүксүз коммуникацияга негизделген, бирок ауитория менен кайтарым (интерактивдүү) коммуникациянын эң негизги чынжырчалары болуп төмөнкүлөр эсептелет: коомдук кабылдама, редакциялык кеңешчи, коомчулук менен байланыш багыты боюнча тышкы байланыштар бөлүмү, корпорациянын веб-сайты дана КТРКнын башкы директорунун бети. Алардын функцияларына тике түрдө жарандардын кайрылуулары боюнча иштер, суроо-таап боюнча маалыматты берүү, ошондой эле берүүлөр тууралуу комментарийлердин мониторинги кирет.

**Google Analytics маалыматтарына ылайык1.01.2015-жылдан 31.12.2015-жылга чейин КТРКнын www.ktrk.kg сайтына** 737 093 колдонуучу конок болушкан, алар 6 558 663 кароолорду жүргүзүп, сеанстардын саны болсо 1 795 324 жеткен. Баш тартуулардын көрсөткүчү 37,93% жеткен, ал эмисеанстын орточо узакты 04 мүн. 02 сек. түзгөн.




Сайттагы карап чыгуулардын эң көп саны төмөнкү темалар чагылдырылган учурларда катталган: эшек эти темасы, Кыргызстан-Австралия футболдук матчы, 2015-жылдагы КР ЖКга болгон шайлоолор ж.б.

**2015-жылда мобилдик түзүлүштөрдөн** 694 389 сеанстарга кирүүлөр жүргүзүлгөн (жаңы сеанстар 48,29%). Аларды ичинен 335 309 – жаңы пайдалануучулар жана баш тартуулар көрсөткүчү 43,05% түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде интернет платформаларындагы иштер улантылышкан (колдонуудагы сайтты жана социалдык түйүндөрдөгү беттери өркүндөтүү): бул программаларды жарыялоо, «Ала-Тоо» маалыматтык студиясынын жаңылыктарын жайгаштыруу, теле радио жолбоорлорду жайгаштыруу, Фейсбук, Одноклассиктер,

Твиттер соц.түйүндөрүнө жөнөтүлгөн каттарды Корпорациянын расмий сайтын колдоо бөлүмүнүн кызматкерлери тараптан иштеп чыгуу.

Социалдык түйүндөрдө жазылуучулардын саны 2014-жылга салыштырмалуу 2 эсеге өскөн, активдүүлүк 2015-жылдын октябрынан тартып байкалат. Мисалга алсак, Facebookтагы катталган жазылуучулардын саны 10 миңден ашуун колдонуучуларды түзгөн. Твиттердегилер 29 миң. Ошондой эле Youtube каналында 2015-жылдын башындагы канал иштетиле баштаган учурдан тартып 2015-жылдын 31-декабрынданы карап чыгуулардын жалпы саны 10 миллиондон ашуун санды түзгөн.

**Каттарды жана кайрылууларды иштеп чыгуу**

Отчеттук мезгил ичиндеги жалпы санда Корпорациянын жоокерчиликтүү кызматкерлери тарабынан 3225 каттар жана кайрылуулар иштелип чыккан, алар расмий сыяктуу эле, калктан дагы келип түшүп турушкан, алардын ичинен:
- КР Президентинин администрациясынан, Өкмөттүн аппаратынан жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен – 381;
- мамлекеттик органдардан – 942;
- менчик компаниялардан жана жеке адамдардан – 1483;
- жарандардын теле/радио контентинин сапатына карата кайрылуулар – 158;
- КТРК жана СТБны иштеши тууралуу жарандардын кайрылуулары – 28;
- жарандардын мамлекеттик жана укук коргоо органдарынын иштерине тиешелүү кайрылуулары – 118;
- техникалык мүнөздөгү маселелери менен жарандардын кайрылуулары – 107;
- чет элдик жарандардын кайрылуулары – 8.

- ички корреспонденция – 1402;
- чыгып жаткан корреспонденция – 1037;

## 6. КОРПОРАЦИЯГА ТОЛУГУ МЕНЕН ЖЕ ЖАРЫМ-ЖАРТЫЛАЙ, ТИКЕ ТҮРДӨ ЖЕ ОРТОМЧУЛУК АРКЫЛУУ ТИЕШЕЛҮҮ БОЛГОН КААЛАГАНДАЙ КОМПАНИЯ ЖЕ ИШКАНА ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР

Анда КТРК Коомдун 60% уставдык капиталы менен уюштуруучу болуп саналган «Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсынын биргелешкен ишканасы тууралуу маалымат.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы – биргелешкен ишкана, КТРК Коомдун 60% уставдык капиталы үлүшү менен катышуучу укуктарындагы уюштуруучусу болуп саналат.

Россия тараптын катышуу үлүшү, «Первый канал. Всемирная сеть» жабык акционердик коому тараптан Коомдун уставдык капиталынын 40% түзөт.

*Маалымкат: 1996-жылдын 28-мартында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосунда Кыргыз Республикасынын аймагында россия телерадиоберүү уюмдарынын программаларын таркатуу тартиби жана шарттары тууралуу Макулдашууга кол коюлган.*

Кыргыз Республикасынын аймагындагы россия телерадиоберүү уюмдарынын программаларын таркатуунун тартиби жана шарттары жөнүндө 1996-жылдын 28-мартындагы КР жана РФ Өкмөттөрүнүн ортосундагы Макулдашуунун 10-п ылайык, ушул Макулдашуунун аракети Тараптардын биринин экинчи Тараптын анын аракетин токтотуу ниети тууралуу жазуу жүзүндөгү билдирмесин алган күндөн тартып үч ай өткөндөн кийин токтотулат.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы, Президенттин 29.01.2007-ж. №14 Жарлыгына ылайык КР Мамлекеттик телерадиоберүү компаниясы жана «Первый канал. Всемирная сеть» ЖАКы тарабынан ушул максаттар үчүн атайын уюштурулган КРнын аймагында «Первый канал. Всемирная сеть» программаларын кайра алып көрсөтүүнү жүзөгө ашырат.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсынын негизги милдети болуп «Первый канал. Всемирная сеть» программаларын кайра алып көрсөтүү жана Кыргыз Республикасынын аймагында «Первый канал. Всемирная сеть» ЖАКынын автордук жана аралаш укуктарын коргоо эсептелет.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы ошондой эле Биринчи каналдын жана коммеруцияляк телеберүү түйүндөрүндө төмөнкүлөр сыяктуу Биринчи каналдын Санариптик телетүркүмүнүн программаларын таркатууга карата укуктарды берүү мнен алектенет: Карусель, Дом Кино, Музыка Первого, Время: далекое и близкое, Телекафе.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы өз ишмердигин толук өзүн-өзү каржылоо менен жүзөгө ашырат, КР мамлекеттик бюджетинен каражаттарды албайт.

РФтин Биринчи каналынын программаларын Кыргызстанда алып көрсөтүү КР жана РФ Өкмөттөрүнүн ортосунда 1996-жылдын 28-мартына Москва шаарында кол коюлган Кырыз Республикасынын аймагында россиянын телерадиоберүү уюмдарынын

программаларын таркатуу тартиби жана шарттары жөнүндө Макулдашуусуна ылайык, ошондой эле КР Президентинин 29.01.2007-жылдагы №14 «Кыргыз Республикасынын аймагында Россия Федерациясынын «Первый канал. Всемирная сеть» программаларын кайра алып көрсөтүү маселелери жөнүндө» Жарлыгы менен жүзөгө ашырылат.

КР Президентинин ушул Указына ылайык КР Экономика жана финансы министрине белгиленген тартипте КР бюджетинен жыл сайын 10304,4 миң сом суммасында финансылык каражаттарды «Первый канал. Всемирная сеть» программаларын Кыргыз Республикасынын аймагында кайра алып көрсөтүү үчүн «Кыргызтелеком» ААКынын телеберүүнүн жана радиоуктуруунун радиореле магистралдарынын республикалык өндүрүштүк бирикмесине төлөө үчүн КР Мамлекеттик телерадиоберүү компаниясынын чыгашалары үчүн бөлүүнү камсыздоо тапшырылган.

РМТР РПОнун «Первый канал. Всемирная сеть» программаларын таркаткандыгы үчүн кызматтарды төлөөнү КР КТРК КР КТРКнын жана РМТР РПОнун ортосундагы эки тараптуу келишимдин негизинде жүргүзөт. Акы төлөө үчүн каражаттар КРнын мамлекеттик бюджетинен бөлүнүп берилет. Баалар Мамлекеттик байланыш агенттиги тарабына бекитилген жана Антимонополиялык саясат боюнча КР Мамлекеттик агенттиги тарабынан тастыкталып, «Кыргызтелеком» ААКынын РМТР РПОсу тарабынан берилет.

«Первый канал. Всемирная сеть» программаларын таркаткандыгы үчүн РМТР РПОнун кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө суммасы КТРКнын бюджетинде Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан тастыкталат.

## 7. 2015-ЖЫЛДА ИШКЕ АШПАЙ КАЛГАН МАКСАТТАР

2015-жылга берилген графиктин жыштыгы, ошондой эле объективдүү жана субъективдүү себептердин бир катары графиктен артка калуунун негизи болгон жана жыйынтыгында өтүп кеткен отчеттук жылдагы төмөнкү алдыга коюлган максаттары иш жүзүнө ашырылбай калышкан:

- 2015-жылы Корпорациянын уюштуруучулук структурасында, СТБнын жаңы каналдары пайда болуу шартында жакшыраак иштөөсү үчүн, Корпорациянын штаттык санын жөнгө салуучу ченемдик-укуктук акттардын жетилбегендигинин себебинен улам өзгөртүүлөр жүргүзүлгөн эмес.
- 2015-жылы 0,5 ставкалары менен штаттык бирдиктер толук жоюлган эмес.
- 2015-жылы Корпорацияда заманбап талаптарга жооп берүүчү тиешелүү ресурстар жана механизмдердин жоктугунан улам берүүлөрдүн таптакыр жаңы сеткасын иштеп чыгара алган жокпуз.
- 2015-жылы Корпорация үчүн архивдин борборлоштурулган системасын бүткүл Корпорациянын жана анын контентинин көлөмдөрүнүн керектөөлөрүн камсыздай турган системаны ишке киргизүү үчүн жетиштүү каражаттардын жок болгондугунан улам ишке киргизүүгө мүмкүн болгон жок.
- 2015-жылы «Фонд Сорос-Кыргызстан» тарабынан коомдук каналды реформалоого колдоо көрстүү долбоору жабылгандыгынан улам, корпоративдик порталдын негизиндеги ички коммуникациялар системасын ишке киргизүүгө мүмкүн болгон жок.

## 8. КОРПОРАЦИЯНЫН 2016-ЖЫЛГА АЛДЫН АЛА КАРАЛГАН ПЛАНДАРЫ

| | Пландаштырылып жаткан иш-чаралар | Аткаруу мөөнөттөрү | Жооптуу структуралар |
|---|---|---|---|
| 1 | Заманбап чакырыктарга жана талаптарга жооп бере туршан берүүлөрдүн жаңы сеткасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | 2016-жылдын февраль-марты | Атайын жумушчу комиссиясы |
| 2 | СТБда жаңы каналдардын пайда болуу шарттарында жакшыраак иштеп турушу үчүн Корпорациянын уюштуруучулук структурасына өзгөртүүлөрдү киргизүү | 2016-жылдын февралы | Аппарат, ЮБ |
| 3 | Административдик имараттын 2-кабатын “ачык кеңсе” форматында капиталдык реконструкциялоо. | 2016-жылдын февраль-апрели | РРТБ/ КТРКынн менеджменти |
| 4 | Корпорациянын аймагында кызматкерлер үчүн 100 автоунаалык унаа токтотуу жайын эксплуатациялоого киргизүү | 2016-жылдын апрели | РРТБ |
| 5 | Күнү-түнү иштөөчү “Ала-Тоо24” маалыматтык телеканалын даярдоо жана ишке киргизүү | 2016-жылдын апрель-майы | Аппарат, “Ала-Тоо” АМПсы, РРТБ |
| 6 | Корпорациянын кызматкерлери үчүн көп батирлүү турак-жай үйүн куруу боюнча иштерди баштоо | 2016-жылдын июну | РРТБ/Менеджмент КТРК |
| 7 | Ысык-Көлдөгү корпункттун шарттарын жакшыртуу боюнча иштерди баштоо. Жалпы аянтын көбөйтүү, шарттарды түзүү. | 2016-жылдын августу | РРТЦ/ КТРКынн менеджменти |
| 8 | АСК имаратынын кире бериш фойесин реконструкциялоо боюнча иштерди баштоо. Кире бериш фойесинин жылуулук жана жарык натыйжалуулугун жакшыртуу. | 2016-жылдын сентябры | РРТБ/ КТРКынн менеджменти |
| 9 | КТРКнын музейин реконструкциялоо, өз алдынча имаратка көчүрүү. | 2016-жылдын октябры | РРТБ |
| 10 | Борборлоштурулган архив системасын түзүү | 2016-жылдын декабры | РРТБ/ КТРКынн менеджменти |
| 11 | Борбордук аппаратты жана аппараттык радиону модернизациялоо | 2016-жылдын декабры | РРТБ |
| 12 | ТБнын борбордук аппараттыгын модернизациялоо, 16:9 форматына өткөрүү | 2016-жылдын декабры | РРТБ |